НАЦИОНАЛЬНЫЙ СТАТИСТИЧЕСКИЙ КОМИТЕТ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

# ПРОМЫШЛЕННОСТЬ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ








2025

*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

# *КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНӨР ЖАЙЫ*

## *2020-2024*

*Жылдык чыгарылыш*

*БИШКЕК 2025*

**УДК 338**
**ББК 69.9 (2Ки) 30**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

| | | |
|---|---|---|
| Төрага | - | Б. Кудайбергенов |
| Мүчөлөр: | - | Н. Керималиева |
| | - | Б. Шокенов |
| | - | З. Жумалиев |
| | - | Э. Кольбаев |
| | - | Н. Ишенов |
| | - | Ч. Турдубаева |
| | - | Э. Исенкулова |
| | - | В. Бирюкова |

И 58 Кыргыз Республикасынын өнөр жайы 2020-2024.- Б.: Улутстатком Кырг. Респ., 2025. - 199 б.
ISBN 978-9967-26-907-1

"***Кыргыз Республикасынын өнөр жайы 2020-2024***" басылмасы республиканын жана региондордун ушул мезгилге карата өнөр жайынын өнүгүүсүнүн негизги статистикалык маалыматтарын камтыйт. Тиркемеде экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча статистикалык таблицалардын жылдык динамикасы, мааалыматтарга кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр жана Улутстаткомдун 2025-ж. карата басылмаларынын тизмеси келтирилген.

Басылма магниттик алып жүрүүчүлөрдө да бар.
Жыл сайын чыгарылып келет

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: октябрь 2025-ж. .

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү. (Кыргыз Республикасынын расмий статистика жөнүндө мыйзамынын 30-беренеси).

Басылмада шарттуу белгилер:

| | |
|---|---|
| - | кубулуш болгон эмес; |
| ... | маалымат жок; |
| 0,0 | анча чоң эмес өлчөм. |

Айрым учурларда жыйынтыктын жана кошулган суммалардын ортосундагы бир аз айырмасы, маалыматтардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

П 2101000000-12
ISBN 978-9967-26-907-1

**УДК 338**
**ББК 659 (2Ки)30**
Интернет: www.stat.gov.kg
e-mail: nsc_mail@stat.kg
© КР Улутстатком, 2025

## *Улуттук статистика комитетинин башка негизги басылмалары*

**“Кыргызстан цифраларда”**

Ыкчам маалыматтардын негизинде өлкөнүн 2024-ж. социалдык-экономикалык абалын мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөр мурдагы жылдар менен салыштырылып берилди. Калк, анын иш менен камсыз болушу жана жашоо деңгээли, ошондой эле экономиканын реалдуу секторунун айрым тармактарынын абалы жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы 2020-2024”**

Жалпы республика жана анын региондору боюнча такталган маалыматтарга негизделген кеңири маалыматтарды камтыйт. Калк, анын иш менен камсыз болушу жана жашоо деңгээли жөнүндө маалыматтар берилди. Улуттук эсептер тутуму, республиканын чарба жүргүзүүчү субъекттери, чакан жана орто ишкердик, инвестициялар жөнүндө маалыматтар камтылды. Экономиканын реалдуу секторунун айрым тармактарындагы абал чагылдырылды. Тышкы экономикалык ишмердик тышкы сооданын көлөмү, экспорт жана импорт тууралуу маалыматтар менен берилет.

**“Кыргызстандагы туризм 2020-2024”**

Кыргыз Республикасындагы туризмдин өнүгүшү жөнүндө маалыматтар, анын ичинде келүүчүлөр, туристтерди жайгаштыруу каражаттары, ушул кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жана тарифтердин көлөмү ж.б. маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик 2020-2024”**

Чакан жана орто ишканалардын, дыйкан (фермердик) чарбаларынын жана жеке ишкерлердин ишмердиктеринин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиги 2020-2024”**

2024-ж. чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердигинин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча кыскача талдоолор жана статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырылып берилет.

**“Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери 2020-2024”**

Улуттук эсеп тутумундагы көрсөткүчтөрдү түзүүнүн жана өз ара байланышуунун принциптери, негизги түзүмдөрү жана алардын айрым компоненттери баяндалат, республиканын ички дүң продуктун өндүрүү, түзүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу жөнүндөгү жалпыланган маалыматтарды камтыган эсеп тутуму берилет.

**"Ресурстар-Пайдалануу" таблицалары 2023-ж.**

Статистикалык бюллетени Кыргыз Республикасынын экономикасындагы товарлардын жана кызмат көрсөтүү агымдарын чагылдыруучу Улуттук эсептер системасынын методологиялык принциптери жана стандарттарына ылайык иштелип чыккан "Ресурстар-Пайдалануу" таблицаларын камтыйт.

**Кыргыз Республикасынын товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүнүн жана пайдалануунун тармактар аралык теңдеми 2023**

Жыйнак товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү негизги жана сатылып алынган бааларда сунуштоо боюнча таблицаларды, “Чыгымдар-Чыгаруу” таблицаларын, негизги жана сатылып алынган баалардагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн агымдарынын макулдашуусун, тике жана толук чыгымдардын коэффициенттерин, тармактар аралык теңдемдин көрсөткүчтөрүнүн талдоо таблицаларын (“Чыгымдар-Чыгаруу” таблицаларын) камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2020-2024”**

2024-ж. республиканын айыл чарбасынын негизги тармактарынын абалын мүнөздөгөн статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырып берилет.

**“Кыргыз Республикасындагы инвестициялар 2020-2024”**

2024-ж. республиканын инвестициялык жана курулуш ишмердиги боюнча статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырып берилет.

**“Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу 2020-2024”**

Республикадагы жана анын региондорундагы ички сооданын абалы жөнүндө статистикалык маалыматтар, ошондой эле аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Кыргыз Республикасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиялары 2020-2024”**

Жалпы республика жана анын региондору боюнча юридикалык жактардын маалыматтык-коммуникациялык технологияларынын абалын жана пайдаланылышын талдоону камтыйт. Тиркемелерде экономикалык ишмердиктин түрлөрү жана менчик формалары боюнча МКТнын абалы тууралуу толук маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы 2020-2024”**

Экономиканын реалдуу жана финансы секторундагы ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн кыскача талдоосун камтыйт. Тиркемелерде кеңири маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Кыргыз Республикасынын тышкы жана өз ара соодасы 2020-2024”**

Товарлардын тышкы жана өз ара соодасы, кызмат көрсөтүүлөрдүн соодасы, импорт жана экспорт бааларынын индекстери, валюталар курсу жөнүндө статистикалык маалыматтарды камтыйт. Тиркемелерде кеңири статистикалык маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы 2020-2024”**

Республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү, калктын санынын, жаш куруктык жана улуттук курамынын өзгөрүшү, анын республиканын аймагында жайгашуусу, төрөлүү жана өлүм, никелешүү жана ажырашуу, миграция тууралуу маалыматтарды камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли 2020-2024”**

Улутстатком тарабынан үй чарбаларга жыл сайын өткөрүлүүчү изилдөөлөргө ылайык, кедейчилик көрсөткүчтөрүнүн, калктын кирешелеринин жана чыгымдарынын, тамактануунун энергетикалык баалуулугу жөнүндө маалыматтардын талдоосун камтыйт. Калкты социалдык жактан камсыздоо жөнүндө маалыматтар көрсөтүлдү. Тиркемелерде кеңири статистикалык маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук”**

Басылма 2024-ж. өткөрүлгөн үй чарбалардын бюджеттерине жана жумушчу күчүнө интеграциялык тандалма изилдөө жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча даярдалды. Жумушчу күчү, аймактар, жынысы, билим деңгээли, экономикалык ишмердиктин түрлөрү, иштеген жумушу ж.б. боюнча бөлүштүрүлгөн иштеген жана иштебеген калк жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери 2020-2024”**

Калктын саны жана түзүмү, жашоо узактыгы, оорулар, билим берүү, экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жумуштуулук, башкаруу органдарындагы өкүлчүлүк жөнүндө маалыматтар гендердик аспектте берилет.

**“Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөсү 2020-2024”**

Жыйнакта жаратылыш ресурстарынын абалын, ага экологиялык таасир этүүнүн көрсөткүчтөрүнүн, ошондой эле аны коргоо боюнча жүргүзүлгөн иш-чараларды мүнөздөгөн маалыматтар камтылат.

**МАЗМУНУ**


**Баш сөз** **5**

**2020-2024-жж. Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын өнүгүшү жөнүндө** **6**

**1-тиркеме: Таблицалар**

1. Өнөр жайдын өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү 22
2. Өнөр жай ишканаларынын саны 23
3. Өнөр жайда иштегендердин орточо жылдык саны 43
4. Өнөр жай кызматкерлеринин орточо айлык эмгек акылары 53
5. Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстери 63
6. Өнөр жай продукциясынын өндүрүлгөн көлөмү 118
7. Өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү 177
8. Электр энергияны өндүрүү жана керектөө 187
9. Өнөр жай ишканаларынын инновациялык ишмердүүлүгү 188

**Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр** **194**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2026-жылы чыгара турган басылмалары** **197**

## БАШ СӨЗ

Бул басылма 2020-2024-жылдардагы Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын өнүгүүсүн мүнөздөгөн экономикалык баянды, таблицалык жана графикалык материалдарды камтыйт. 2024-жылдагы өнөр жайдагы инновациялык процесстердин кыскача талдоосу кошулат.

Экономикалык ишмердиктин түрү, нарктык жана натуралай түрдөгү аймактар боюнча өндүрүлгөн өнөр жай продукциялардын көлөмү, негизги каражаттардын наркы жана алардын пайдалануусу, ошондой эле өнөр жайда иштегендердин орточо жылдык саны жана өнөр жай тармагындагы кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары жөнүндө маалыматтар келтирилген.


Жалпысынан 5 жыл ичинде (2020-2024-жылдардагы) өнөр жайдын өнүгүүсүнүн салыштыруусун жана талдоосун жүргүзүү үчүн базага 2019-жыл кабыл алынган.

## 2020-2024-жылдарда Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын өнүгүшү жөнүндө

Акыркы беш жылдын ичинде республиканың өнөр жай секторунда продукциянын көлөмү 2019-жылга салыштырмалуу өсүүдө. Бул негизинен негизги металл өндүрүүчү ишканалардагы продукциянын көбөйүшү менен шартталган (График 1).

«Кумтөр» кенин иштеткен ишканаларды эсепке албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн динамикасын караганда, талданган мезгилде өндүрүш көлөмүнүн өсүшү байкалган. Бирок 2020-жылы өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу өндүрүш көлөмү мурунку жылга салыштырмалуу кыйла төмөндөп, анын деңгээлинин 91,4 пайызын гана түзгөн.

**1-график. Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*





2024-жылы өнөр жай продукциясынын көлөмү иш жүзүндөгү бааларда 599,8 млрд сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 2023-жылга салыштырмалуу 105,5 пайызды, ал эми 2019-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу 122,9 пайызды түздү.

2024-жылы *өнөр жай тармагында иштегендердин* саны 142,3 миң адам болуп, бул 2020-жылга салыштырмалуу 8,1 пайызга, ал эми мурунку жылга салыштырмалуу 4,0 пайызга көп.

Өнөр жайда иштеген *жумушчулардын айлык орточо номиналдык эмгек акысы* 2024-жылы 54,3 миң сомду түздү.

Алдын ала баалоо боюнча, 2024-жылы ички дүң продукциядагы жалпы кошумча нарктын үлүшү 16,5 пайызды түзүп, 2020-жылы бул көрсөткүч 17,6 пайыз болгон.

**2-график. Өнөр жайдын кошумча дүң наркынын үлүшү**
*(ИДПга карата пайыз менен)*




2024-жылы пайдалуу кендерди казып алуу тармагында өндүрүш көлөмү мурунку жылга салыштырмалуу 4,0 пайызга өскөн. Иштетүүчү өнөр жайларда – 4,4 пайызга, электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздоо тармагында – 15,8 пайызга, ал эми суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана экинчи чийки затты алуу тармагында – 17,7 пайызга өсүү байкалган.

2024-жылы мурунку жылга салыштырмалуу өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү дээрлик бардык иш түрлөрүндө байкалган, бирок негизги металлдарды, электр жабдууларын жана транспорт каражаттарын өндүрүүдө тескерисинче төмөндөө катталган — тиешелүүлүгүнө жараша 4,7 пайызга, 19,5 пайызга жана 51,1 пайызга азайган.

Акыркы беш жыл ичинде пайдалуу кендерди казып алуу тармагынын үлүшү жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүндө 2020-жылдагы 5,5 пайыздан 2024-жылы 10,7 пайызга чейин өскөн. Ошол эле учурда, кайра иштетүү өнөр жайынын үлүшү тескерисинче 82,0 пайыздан 77,0 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылган ишканалардын үлүшү 11,5 пайыздан 11,3 пайызга чейин азайган. Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана экинчи чийки затты алуу тармагындагы ишканалардын үлүшү 2020-жылдагы деңгээлде сакталып калган.

**3-график: Негизги экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн түзүмү**


*(өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)*




2024-жылы пайдалуу казындуларды казып алуу көлөмү 64,2 млрд сомду түзүп, индекс көлөмү 104,0 пайыз деңгээлде калыптанды. 2023-жылга салыштырганда өндүрүш көлөмүнүн өсүшү башка пайдалуу казындуларды казып алуунун 23,6 пайызга, металл рудаларынын – 5,0 пайызга, көмүрдүн – 3,6 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды. Тармактын өндүрүш көлөмү 2019-жылдагы деңгээлге салыштырганда 9,0 пайызга өстү.

**4-график. Пайдалуу кендерди казуунун физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*




2024-жылы таш көмүр жана лигниттин казып алуу көлөмү 4,5 млн тонна болуп, 2020-жылга салыштырмалуу 1,7 эсеге, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 7,0 пайызга көбөйдү. 2024-жылы 298,8 миң тонна чийки мунай казылып алынып, бул 2020-жылга караганда 25,3 пайызга көп, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 1,1 пайызга аз болду. Табигый газдын казып алуу көлөмү 28,2 млн куб метрди түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 3,0 пайызга, ал эми 2020-жылга салыштырмалуу 26,0 пайызга көбөйдү.

2024-жылы *кайра иштетүүчү өндүрүштөрдөгү* продукциянын көлөмү 461,7 млрд сомду түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу 23,1 пайызга, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 4,4 пайызга көбөйдү.

**5-график. Иштетүү өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*





Өндөрүү иштетүү өнөр жайынын көлөмүнүн өсүшү мунай продуктуларынын өндүрүшү (1,9 эсеге), жыгач жана кагаз буюмдарынын, басма ишмердүүлүгүнүн (30,5 пайызга), фармацевтикалык продукциянын (21,7 пайызга), тамак-аш (анын ичинде суусундуктар) жана тамеки буюмдарынын (20,1 пайызга), текстиль, кийим жана бут кийим, тери жана башка териден жасалган буюмдардын (15,3 пайызга), ошондой эле резина жана пластмасса буюмдарынын, башка металл эмес минералдык продукциялардын (10,8 пайызга) өндүрүшүнүн көбөйүшү менен шартталган.

Тамак-аш продукцияларынын (анын ичинде суусундуктар) жана тамеки буюмдарынын өндүрүш көлөмү 89,5 миллиард сомду түзүп, 2019-жылдагы деңгээл менен салыштырганда 49,1 пайызга, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 20,1 пайызга өскөн.

**6-график. Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*





Тамак-аш азыктарынын (анын ичинде суусундуктар) жана тамеки буюмдарынын өндүрүш көлөмүнүн өсүшү төмөнкү тармактардагы өндүрүштүн көбөйүшү менен камсыздалды: сүт азыктары – 29,8 пайызга, өсүмдүк майы – 29,1 пайызга, эт азыктары – 24,7 пайызга, нан жана нан токоч азыктары – 15,0 пайызга, кант – 11,8 пайызга, ун жана жарма – 6,6 пайызга, ошондой эле суусундуктар – 20,0 пайызга.

2024-жылы текстиль өндүрүшүнүн, кийим жана бут кийим, тери жана башка териден жасалган буюмдардын өндүрүш көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 15,3 пайызга көбөйдү. Бул өсүш негизинен кийим чыгаруунун 17,0 пайызга жогорулашынын эсебинен камсыздалды. 2019-жылдагы деңгээл менен салыштырганда өндүрүш көлөмү 8,9 пайызга өстү.

**7-график. Текстиль өндүрүшүнүн, кийим жана бут кийим, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*




Жыгач жана кагаз буюмдарын өндүрүүчү, ошондой эле басма ишканаларында 2024-жылы өндүрүш көлөмү 2020-жылга салыштырмалуу 2,2 эсеге, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 30,5 пайызга көбөйдү.


2023-жылы тазаланган мунай продуктуларынын өндүрүшү өткөн жылга салыштырмалуу 1,9 эсеге, ал эми 2019-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу 1,6 эсеге көбөйдү.

**8-график. Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*




Фармацевтикалык продукциялардын өндүрүш көлөмү 2024-жылы 2023-жылга салыштырмалуу 21,7 пайызга, ал эми 2020-жылга салыштырмалуу 1,8 эсеге көбөйдү. Резина жана пластмасса буюмдарынын, ошондой эле башка металл эмес минералдык продуктулардын өндүрүш көлөмү 2024-жылы 2020-жылга салыштырмалуу 2,2 эсеге, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 10,8 пайызга өстү.
Негизги металлдардын жана даяр металл буюмдарынын өндүрүш көлөмү 2024-жылы 2020-жылга салыштырмалуу 3,3 пайызга көбөйсө, 2023-жылга салыштырмалуу 3,6 пайызга азайды. Өндүрүштүн төмөндөшү өткөн жылга салыштырмалуу баалуу (кымбат баалуу) металлдардын өндүрүшүнүн 5,3 пайызга кыскарышы менен байланыштуу.

**9-график. Негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекстери**
*(пайыз менен)*





2024-жылы өткөн жылга салыштырмалуу компьютерлердин, электрондук жана оптикалык жабдуулардын өндүрүшү 3,1 эсеге көбөйдү, машиналар жана жабдуулар – 48,0 пайызга, ал эми башка өндүрүштөр, машиналарды жана жабдууларды оңдоо жана орнотуу иштери – 2,6 пайызга өстү. Ошол

эле учурда транспорт каражаттарынын өндүрүш көлөмү 51,1 пайызга, ал эми электр жабдууларынын өндүрүшү 19,5 пайызга азайды.

Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуунун көлөмү 2024-жылы 67,8 миллиард сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 15,8 пайызга өстү. Бул өсүш электр энергиясын өндүрүүнүн 6,5 пайызга жана аны бөлүштүрүүнүн 31,6 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалды. Өндүрүш көлөмү 2020-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу 19,7 пайызга жогорулады.

**10-график. Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуунун) физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(пайыз менен)*





2024-жылы 14,7 миллиард киловатт-саат электр энергиясы өндүрүлүп, бул 2023-жылга салыштырмалуу 6,5 пайызга көп. Жылуулук энергиясынын өндүрүшү 3,2 миллион гигакалорияны түзүп, 9,4 пайызга өстү.

2024-жылы суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана экинчи чийки затты алуу боюнча ишканалардын ишмердүүлүгү сууну чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүү кызматтарынын көлөмүнүн 9,5 пайызга өсүшү менен мүнөздөлдү. 2019-жылдагы деңгээлге карата физикалык көлөмдүн индекси 142,8 пайызды, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 117,7 пайызды түздү.

**График 11. Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана экинчи чийки зат алуу боюнча физикалык көлөмдүн индекстери**

*(пайыз менен)*



2024-жылы табигый суунун өндүрүлүш көлөмү 207,8 млн куб метрди түзүп, 2023-жылга караганда 11,2 пайызга көп болду.

2024-жылы өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн өсүшү Ысык-Көл облусунан башка.республикадагы бардык аймактарда байкалган.

Жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн түзүмүндө эң чоң үлүш Чүй облусуна туура келип, ал 2020-жылдагы 48,0 пайыздан 2024-жылы 43,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошондой эле Ысык-Көл облусунун үлүшү да 24,2 пайыздан 16,1 пайызга чейин кыскарган.

Ошол эле учурда бул мезгилде Бишкек шаарынын үлүшү, тескерисинче, жалпы өнөр жай өндүрүшүндө 12,3 пайыздан 17,8 пайызга чейин өстү. Жалал-Абад облусунун үлүшү 8,7 пайыздан 9,7 пайызга чейин, ал эми Талас облусунун үлүшү 0,6 пайыздан 5,7 пайызга чейин көбөйдү.

**Таблица 1: Аймактар боюнча өнөр жай продукциясынын өндүрүш көлөмү**

| | **Өндүрүлгөн, млн. сом** | | **Физикалык көлөмдүн индекси, мурунку жылга карата пайыз менен** | |
|---|---|---|---|---|
| | **2020** | **2024** | **2020** | **2024** |
| **Кыргыз Республикасы** | **325 090,1** | **599 755,2** | **93,4** | **105,5** |
| Баткен облусу | 3 110,9 | 9 100,3 | 125,3 | 117,9 |
| Жалал-Абад облусу | 28 306,0 | 58 354,1 | 92,5 | 112,4 |
| Ысык-Көл облусу | 78 831,2 | 96 703,6 | 93,1 | 96,6 |
| Нарын облусу | 3 206,6 | 7 028,6 | 99,4 | 127,2 |
| Ош облусу | 9 457,8 | 18 474,2 | 82,4 | 108,9 |
| Талас облусу | 1 899,9 | 34 164,8 | 104,8 | 104,6 |
| Чүй облусу | 155 656,4 | 258 345,1 | 90,0 | 118,3 |
| Бишкек ш. | 40 053,9 | 106 682,8 | 95,0 | 112,3 |
| Ош ш. | 4 567,4 | 10 901,7 | 78,3 | 117,0 |

2024-жылы *кичи жана орто ишкердик субъекттери* тарабынан өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын көлөмү 156,9 млрд сомду түзүп, жалпы көлөмдүн 26,2 пайызын (2020-жылы — 17,8 пайыз) түздү. 2020-жылга салыштырганда орто жана кичи ишканалардын үлүшү 13,1 пайыздан 2024-жылы 20,9 пайызга чейин көбөйдү.

Баткен жана Ош облустарында, ошондой эле Ош шаарында кичи жана орто ишкердик субъекттери аймактагы өнөр жай өндүрүшүнүн жарымынан көбүн камсыздайт, ал эми Нарын жана Жалал-Абад облустарында, ошондой эле Бишкек шаарында — жарымынан азын түзөт.

2024-жылы чет элдик инвестициялары бар өнөр жай ишканалары 179,7 млрд сомдук продукция өндүрүп, бул тармактын жалпы көлөмүнүн 30,0 пайызын түздү. Ал эми 2020-жылы алардын үлүшү 48,2 пайыз болгон.

Региондун жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүндө эң чоң үлүш Талас (88,4 пайыз), Жалал-Абад (55,8 пайыз), Ош (54,3 пайыз), Чүй (29,3 пайыз) облустарындагы жана Бишкек шаарындагы (25,4 пайыз) чет элдик инвестициясы бар ишканаларга туура келди.

**Кыргыз Республикасынын өнөр жай тармагындагы инновациялык процесстер жөнүндө 2024-жылы**

885 өнөр жай ишканасын сурамжылоонун жыйынтыгында алардын инновациялар чөйрөсүндөгү активдүүлүгү 2024-жылы 3,8 пайызды түзгөнү белгиленди (2023-жылы – 1,8 пайыз).

Инновацияларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен 34 ишкана алектенген, алардын 33үндө инновациялык процесстер аяктоо стадиясында болгон.

Инновациялык активдүү ишканалар тарабынан 41 жаңы түрдөгү продукция өздөштүрүлүп, чыгарылган.

Инновациялык ишмердүүлүктүн жогорку активдүүлүгү азык-түлүк продукциясын, кийим-кече, резина жана пластмасса буюмдарын, курулуш материалдарын өндүрүүчү ишканаларда, ошондой эле таш көмүр жана лигнит казып алуу тармактарында байкалган.

Инновациялык процесстер Баткен облусунун өнөр жайында активдүү киргизилген – 10 ишканада (инновациялык активдүү ишканалардын жалпы санынын 29 пайызы), Нарын облусунда – 6 ишканада (18 пайызы), Чүй облусунда – 7 ишканада (21 пайызы), Ош шаарында – 8 ишканада (24 пайызы) жана Бишкек шаарында – 2 ишканада (6 пайызы).

2024-жылы сурамжылоого алынган ишканалар 4,0 млн сом суммада инновациялык продукция жөнөтүшкөн. Инновациялык продукциянын баары экспортко багытталып, анын бүт көлөмү жаңыдан киргизилген же олуттуу технологиялык өзгөртүүлөргө дуушар болгон продукцияга туура келген.

Инновациялык продукциянын жалпы көлөмү толугу менен Бишкек шаарындагы ишканаларга туура келип, анын дээрлик бардыгын жеке менчик формасындагы ишканалар чыгарган.

2024-жылы инновацияларга кеткен чыгымдар 1 562,8 млн сомду түзгөн.

Ишканалардын инновациялык ишмердүүлүккө жумшаган чыгымдарынын эң чоң бөлүгү (64,3 пайызы) иштетүү өнөр жайына туура келип, алардын 33,7 пайызы – азык-түлүк продуктылары жана ичимдиктерди өндүргөн ишканаларга, 20,6 пайызы – резина жана пластмасса буюмдарын чыгарган ишканаларга, 28,6 пайызы – пайдалуу кен казып алуу тармагына тиешелүү болгон.

2024-жылы машиналар жана жабдууларды 23 ишкана сатып алып, аларга кеткен чыгым 1 336,5 млн сомду түзгөн; программалык каражаттарды 6 ишкана сатып алып, алардын суммасы 4,0 млн сом болгон.

Ошол эле учурда жаңы технологияларды сатып алуу, өндүрүштүк долбоорлоо, инновацияларга байланышкан маркетингдик изилдөөлөр боюнча чыгымдар жүргүзүлбөгөн, бул экономиканын инновациялык өнүгүүсүнүн заманбап талаптарына жооп бербейт.

Инновацияларга кеткен чыгымдардын 1 004,0 млн сому, же жалпы инновациялык ишмердүүлүк чыгымдарынын 64 пайыздан ашыгы, ишканалардын өз каражаттарынын эсебинен каржыланган. Өз каражаттарын азык-түлүк, резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктыларды өндүргөн ишканалар, ошондой эле электр энергиясын өндүрүү, берүү жана бөлүштүрүү менен алектенген, мындан тышкары пайдалуу кен казып алуу ишканалары колдонушкан.

2024-жылы өнөр жайдагы инновациялык ишмердүүлүктү каржылоого чет элдик инвестициялар тартылган эмес.

Инновациялык долбоорлорду өнүктүрүү үчүн 2024-жылы мамлекеттик бюджеттен 5,9 млн сом бөлүнгөн. Бюджеттик каражаттар суу чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүү багытында иш алып барган ишканаларга багытталган.

2024-жылы ишканалар тарабынан инновациялык ишмердүүлүккө пайдаланылган кредит жана зайымдардын көлөмү 540,3 млн сомду түзгөн.

Жогоруда айтылгандардан улам, республика ишканаларында инновацияларды киргизүү процесси өтө төмөн бойдон калууда.

Көп жылдык статистикалык байкоолор көрсөткөндөй, ишканалар үчүн негизги көйгөйлөр – өз каражаттарынын жетишсиздиги, жаңылыктардын жогорку баасы, инновацияларды мамлекеттик колдоонун аздыгы, экономикалык тобокелдиктер, инвестициялардын кайтарым мөөнөтүнүн узактыгы, ошондой эле инновациялык техника жана технологиялар боюнча импортко болгон көз карандылык.

## Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр

## Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр

***Өнөр жай ишканаларынын жана өндүрүштүн санына*** ири, орто, бириккен, ошондой эле чакан ишканалар кирет.

***Өнөр жай продукциясын өндүрүү көлөмү*** чарба жүргүзүүчү субъекттер өндүргөн өнөр жай продукциясы, өндүрүштүк мүнөздөгү иш жана тейлөө көлөмүнүн маалыматтарынын суммасы катары аныкталат. Жалпысынан айлык жана жылдык мезгилдүүлүк менен экономикалык ишмердиктин жана аймактардын түрлөрү боюнча нарктык түрүндө эсепке алынат. Продукциянын көлөмү тууралуу маалыматтар отчеттук жылда болгон баа менен келтирилет. Өнөр жай ишканасынын продукциясынын көлөмү ички завод жүгүртүү наркысыз завод усулу боюнча аныкталат. Даяр продукцияны чыгарган акы төлөбөнгөн ишкана тарабынан тапшырыкчынын чийки затынын жана материалдарынын наркы продукциянын көлөмүнө кирбейт.

***Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстери*** **-** салыштырылып жаткан мезгилдеги продукцияны өндүрүүрүнүн өзгөрүүсүн мүнөздөйт. Бул көрсөткүч экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жана жалпысынан “Кошумча дүң наркы” көрсөткүчүнүн “салмагы” катарында пайдалануусу менен өнөр жай боюнча кийинки агрегация менен индекстерге натуралай түрдө продукцияны өндүрүү динамикасынан чыгып эсептелинет.

***Натуралай түрдө өнөр жай продукциясын өндүрүү*** ишкананын материалынан сыяктуу эле тапшырыкчынын чийки затынан жана материалдарынан өндүрүлгөн продукция жөнүндө маалыматтарды кошуп толук көлөмдө чагылдырылат.

***Негизги каражаттарга (фонддорго)*** имараттар, курулмалар, машиналар, жабдуулар (жумушчу жана күч машиналары, жабдуулары, өлчөгүч жана теске салуучу приборлор, аспаптар, лабораториялык жабдуу, эсептөө техника), транспорт каражаттары жана негизги каражаттардын башка түрлөрү кирет.

***Негизги каражаттардын жаңылануу (ишке киргизүү) коэффициенти*** - отчеттук жылы ишке киргизилген негизги каражаттардын наркынын жылдын башында болгон негизги каражаттардын толук балансылык наркына мамилеси катары эсептелинет.

***Негизги каражаттардын кетүү (жоюу) коэффициенти*** жоюлган негизги каражаттардын наркынын жылдын башында болгон негизги каражаттардын толук балансылык наркына мамилеси катары аныкталат.

***Негизги каражаттардын эскирүү коэффициенти*** - негизги каражаттардын жылдын башынан бери иштешинин эскирүү суммасынын жылдын аягына карата негизги каражаттардын толук балансылык наркына карата мамилеси.

***Фонддук куралдануу*** - тармактын кызматкерлеринин негизги өндүрүштүк фонддор менен жабдылышын мүнөздөөчү көрсөткүч. Негизги өндүрүштүк фондулардын орточо жылдык наркынын кызматкерлердин орточо жылдык тизмелик санына карата мамилеси катары эсептелинет.

***Фонд кайтарымы*** - негизги өндүрүштүк фондуларды пайдалануу эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчү. Аныкталган мезгил ичинде өндүрүлгөн

продукциянын, иштин жана кызмат көрсөтүүнүн көлөмүнүн ушул эле мезгилде негизги өндүрүштүк фондулардын орточо наркына карата мамилеси катары эсептелет.

Фонд кайтарымын эсептөө үчүн таасир эткен негизги каражаттарды гана пайдалануу, башка жактан тартылган негизги каражаттарды кошуу жана ижарага берилген, консерваланган же башка уюмдарга убактылуу пайдаланууга берилген каражаттарды алып салуу зарыл.

***Инновациялык ишмердикте*** рынокко киргизилген технологиялык жаңы же өркүндөтүлгөн продуктулардагы (кызмат көрсөтүүлөрдөгү), тажрыйбалык ишмердикте пайдаланылган жаңы же өркүндөтүлгөн технологиялык процесстердеги идеяны (илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжаларын же башка илимий-техникалык жетишкендиктерди) трансформациялоо менен байланыштуу ишмердиктин түрү түшүндүрүлөт. Инновациялык ишмердик так эле өзүнүн жыйындысында инновацияга алып келген илимий, технологиялык, уюштуруучулук, финансылык жана коммерциялык иш-чаралардын бүтүндөй комплексин божомолдойт.

***Инновация*** жаңы же өркүндөтүлгөн продукту (кызмат көрсөтүү), жаңы же өркүндөтүлгөн өндүрүштүк процесс, маркетингдик же уюштуруучулук усул түрүндө ишке ашуусун алган инновациялык ишмердиктин (бардык жыйындылардын же анын айрым түрлөрүнүн) акыркы натыйжасын көрсөтөт. Инновацияга ишкана биринчилерден болуп иштеп чыккан сыяктуу эле, башка ишканалардан үйрөнүп алынган продуктулар, кызмат көрсөтүүлөр, процесстер жана усулдар да тиешелүү. Технологиялык инновация эгерде инновациялык продуктулар, кызмат көрсөтүүлөр сатып өткөрүү рыногуна чыгарылса ишке ашты деп эсептелинет.

***Инновациялык продукция*** акыркы үч жыл ичинде ар түрдүү даражадагы технологиялык өзгөрүүлөргө кабылган продукцияны көрсөтөт.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2026-жылы чыгара турган басылмалары

| | Мезгилдүү-лүгү | Чыгаруу мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| ***Комплекстүү статистикалык басылмалар*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы жөнүндө"басылмасы | айлык | айдын 22-санына чейин, кварталдык-отчёттук айдан кийинки айдын 24-санына чейин |
| "Кыргыз Республикасы жана региондор" статистикалык бюллетени | кварталдык | отчёттук кварталдан кийинки айдын 30-күнүнө чейин |
| "Кыргызстан" кыскача статистикалык маалымдамасы | жылдык | апрель |
| "Кыргызстан цифраларда" жыйнагы | жылдык | июль |
| Кыргыз Республикасынын Статистикалык Жылдыгы | жылдык | декабрь |
| "Кыргызстандагы туризм 2021-2025" жыйнагы | жылдык | 30-июль |
| "Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкерлик 2021-2025" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| "Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиги 2021-2025" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Улуттук эсептер статистикасы*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери 2021-2025" жыйнагы | жылдык | декабрь |
| «Ресурстар-Пайдалануу» таблицалары (РПТ) 2024-ж. жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Финансы статистикасы*** | | |
| "Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын пайдасынын калыптанышы" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 10 июнь<br>21 июнь, 8 сентябрь, 9 декабрь |
| "Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын өз ара эсептешүүлөрүнүн абалы" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 10 июнь<br>21 июнь, 8 сентябрь, 9 декабрь |
| "Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын товардык-материалдык баалуулуктарынын запастары" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 10 июнь<br>21 июнь, 8 сентябрь, 9 декабрь |
| "Экономиканын финансылык секторунун ишканаларынын иш-аракеттеринин негизги көрсөткүчтөрү" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 20 апрель 23 май, 19 август, 19 ноябрь |
| "Кыргыз Республикасынын калкка микрокредиттерди берүү жөнүндөгү" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 1 апрель<br>23 май, 19 август, 19 ноябрь |
| "Кыргыз Республикасынын лизинг уюмдарынын ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү" статистикалык бюллетени | жылдык | 25 март |
| "Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы 2021-2025" жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Өнөр жай статистикасы*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын өнөр жайы 2021-2025" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| "Отун энергетикалык теңдем" жыйнагы | жылдык | декабрь |
| ***Курулуш жана инвестиция статистикасы*** | | |
| "2025-жылдын инвестиция жана курулуш боюнча жылдык отчётту иштеп чыгуунун негизги жыйынтыктары" статистикалык бюллетени | жылдык | 30-сентябрь |
| "Кыргыз Республикасындагы инвестициялар 2021-2025"жыйнагы | жылдык | 30-сентябрь |
| ***Айыл чарба статистикасы*** | | |
| " Кыргыз Республикасынын аймагында  мал чарба продуктуларынын негизги түрлөрүн өндүрүү" статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 15-күнүнө чейин |
| "Түшүмдү жыйноо, күздүк өсүмдүктөрдү себүү, тоңдурманы айдоо" статистикалык бюллетени | 1-июлдан жылдын аягына чейин | отчёттук мезгилден кийинки айдын 15- күнүнө чейин |
| "2025-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн жыйналышы жөнүндө" статистикалык бюллетень | жылдык | 17-январь |
| "Кыргыз Республикасынын областары жана районунда 2026-жылы түшүмү үчүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн себүү аянттары" статистикалык бюллетени | жылдык | 17-июль |
| "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2021-2025" жыйнагы | жылдык | 28-октябрь |

| | Мезгилдүү-лүгү | Чыгаруу мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| “Тоют өндүрүү жөнүндө отчёт” статистикалык бюллетени | жылдык | 20-январь |
| "Кыргыз Республикасынын облустары жана райондору боюнча жаздык өсүмдүктөрдү себүү жана жазгы талаа иштери" Статистикалык бюллетень | айлык | отчеттук мезгилден кийинки 14-күнү, марттан июнга чейин |
| "Кыргыз Республикасында айдоо жерлерин пайдалануу" аналитикалык сереп, жыйнакта "Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарынын көлөмү жөнүндө жыйынтыктоочу отчет" | жылдык | 17 июль |
| ***Керектөө рыногунун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн статистикасы*** | | |
| “Сооданын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги көрсөткүчтөрү” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 20-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасындагы базарлардын жана соода борборлорунун ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрү” статистикалык бюллетени | кварталдык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 35-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу 2021-2025” жыйнагы | жылдык | 30-сентябрь |
| “Кыргыз Республикасындагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар 2021-2025” жыйнагы | жылдык | 30-октябрь |
| ***Баалардын статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасы боюнча товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 12-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасындагы баалар” жыйнагы | жылдык жарым жылдык | март, отчёттук мезгилден кийинки 45-санына чейин |
| ***Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы*** | | |
| “Жумуштуулук жана жумушсуздук” 2025-жылы үй чарбанын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган изилдөөсүнүн жыйынтыгы | жылдык | 25-октябрь |
| “2025-жылдагы кызматкерлердин саны жана эмгек акысы туралуу жылдык отчеттордун жыйынтыгы” статистикалык бюллетени | жылдык | 20-сентябрь |
| ***Үй чарбаларын тандап изилдөө статистикасы*** | | |
| Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздук жана кедейчилик боюнча маалыматтык бюллетени | кварталдык | отчёттук мезгилден кийинки 55-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли 2021-2025” жыйнагы | жылдык | 29-ноябрь |
| ***Тышкы жана өз ара соода*** | | |
| “Кыргыз Республикасындагы товарлардын тышкы жана өз ара соодасы” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 45-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасындагы товарлардын ЕАЭБнын мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасы” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 45-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын тышкы жана өз ара соодасы - 2021-2025” жыйнагы | жылдык | 30-сентябрь |
| ***Демографиялык статистика*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы 2021-2025” жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Социалдык статистика*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери 2021-2025” жыйнагы | жылдык | ноябрь |
| “Кыргыз Республикасындагы калктын саламаттыгы жана саламаттыкты сактоо 2021-2025” | 5 жылда 1 жолу | Октябрь |
| ***Айлана-чөйрө статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасындагы айлана-чөйрө 2021-2025” жыйнагы | жылдык | 31-октябрь |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, www.stat.gov.kg**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНӨР ЖАЙЫ
# 2020-2024

*Статистикалык жыйнагы*

*Жооптуу чыгаруучу:*
А. Маманова

*Компьютердин макети*
С. Джайчибекова

Тел.: (+996312) 664044

Басып чыгарууга кол коюлду: октябрь 2025-ж.
Формат А4 60х84 1/8
Офсеттик басуу Көлөмү ___
Тираж: нуска Заказ №

*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитетинин*
*Интеллектуалдык маалымат борборунун*
*полиграфиялык иштер бөлүмү*